УДК 37.013

Иманбакаева М.Г.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## ОКУУЧУЛАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮН ДИАГНОСТИКАЛООНУН МЕТОДИКАСЫ

*Макалада класс жетекчинин окуучулардын үй-бүлөсүн диагностикалоосунун жаңы методикалары каралган.*

The article gives new methods of class teachers and working with the students.

Класс жетекчи үй-бүлөнүн билим денгээлин үйрөнүү үчүн мектеп окуучунун ата энеси менен пикирлешүүдө кээ бир эрежелерди сакташы керек:

- ар бир баланын ата-энесине сый сезимин билдирүү;
- окуучунун ата-энеси менен карым-катнаш түзүү ага зыян тийгизбей, кандайдыр пайдалуу нерсе бериши керек;
- окуучунун үй-бүлөсүн изилдөөдө объективдүү жана сылык болушу керек;
- окуучунун үй-бүлөсүн изилдөө ата-энени агартуу жана коррекциялоону көздөшү керек.

Класс жетекчи окуучунун ата-энеси жөнүндө төмөнкү маалыматтарды билиши керек:

- ата-энелер же аларды алмаштырган адамдар жөнүндө жалпы маалыматтар;
- үй-бүлөнүн жашоо шарттары жана материалдык жактан камсыз болушу;
- ата-эненин билим денгээли, ата-эненин мектепке жана баласынын класс коллективиндеги турмушуна болгон кызыгуусу;
- ата-энелердин педагогикалык маданиятынын денгээли;
- баланын алдындагы ата-эненин кадыр-баркы;
- ата-энелердин балага болгон тарбиялык таасиринин денгээли;
- үй-бүлөлүк салттар, үрп-адаттар жана ритуалдар;
- баланын үй-бүлөдөгү орду (жакшы, жаман);
- үй-бүлөнүн тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү.

Үй-бүлөнү изилдөө педагогго баланын өзү менен жакыныраак таанышууга, үй-бүлөнүн жашоосу, традициялары жана үрп-адаттары, руханий баалуулуктары, ата-эне менен баланын ортосундагы карым-катнаштардын стилин ачууга жардам берет.

Үй-бүлөнү изилдөө үчүн класс жетекчи ар кандай психологиялык-педагогикалык диагностикаларды: байкоо, ангемелешүү, тестирлөө, анкеталоо, иштиктүү оюндар, тренингдер, балдар чыгармачылыгынын материалдарын, интерактивдүү оюндарды колдоно алат.

Көп учурларда ата-энелер класстык чогулуштарга келишпейт, катышпайт, класс жетекчилер менен кездешүүгө келишпейт деген ойлор айтылат. Буга таң калуунун кереги жок. Анткени көпчүлүк учурда ата-энелер чогулушу адамдын аброюна шек келтирүүгө гана арналып калат. Ошондуктан класс жетекчиге, биринчи иретте, ата-энелер чогулушу бул – ата-энелерди теория жана практиканын негизинде ата-эне болууга үйрөтүү болушу керек. Практиканын бир түрү бул - диагностикалык методдор, алардын жардамы менен ата энелер бир топ суроолордун сериясына өз алдынча жооп берип, баланы тарбиялоодо эмне жакшы болуп, ал эми эмнелери болсо тууралоону, карап чыгууну талап кылгандыгын өз мойнуна чын пейили менен алышы керектигин аныкташына жардам бериш керек.

Класс жетекчи көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзүү менен ата-энелердин өз балдарын тарбиялоого болгон кызыгуусун туудуруп, ошону менен бирге класс жетекчи менен пикирлешүүгө, мектепке барууга болгон кызыгуусун артыра алат жана ошону менен бирге

ар бир ата-эне турмуш тарабынан чыккан негизги эрежени билиши зарыл, ал - «Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо – бул аларды ата-эненин жардамы жок болууга үйрөтүү»

***«Балага билим берүүнүн жана тарбиялоонун келечеги» боюнча анкета***

1. Кандай сезим менен Сиздин уул же кыз мектеп босогосун аттап жатат?
2. Окуучулар коллективинде Сиздин бала өзүн кандай сезет?
3. Балаңыздын коллективдеги досторун жана тааныштарын билесизби? Аларды атаңыз.
4. Предметтик мугалимдер менен балаңыздын мамилеси кандай түзүлүп жатат?
5. Сиздин оюңуз боюнча, балаңыздын окуу процесинде өзүн ачууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берип жатабы?
6. Балаңыздын окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн кандай жардам керек?

***«Аягына чыкпаган сүйлөм» методикасы***

А) Бул методика ата-энелер менен окуучулардын карым-катнаштарын диагностикалоо үчүн колдонулат. Ата-энелер менен окуучулар бир эле суроого жооп беришет, бул ата-энелер менен балдардын ортосундагы карым-катнаштардын, конфликттердин себебин аныктоого жардам берет. Анткени баарыбызга белгилүү болгондой, ар кыл көз караштардын, ойлордун дал келбестиги баланы тарбиялоодогу конфликттүү кырдаалдарга жана проблемаларга алып келет.

Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин жоопторун анализдөө менен, алардын жыйынтыктарын ата-энелер менен гана эмес, окуучулар менен өткөрүүлүүчү ар кандай сабактан тышкаркы тарбиялык иштерде колдонсо болот.

*Окуучулар үчүн сүйлөмдөр:*

- Мектеп мен үчүн - бул …
- Мен окуган класс бул - …
- Мугалимдер мен үчүн - бул адамдар, алар …
- Менин классташтарым – бул …
- Сабактар мен үчүн - бул …
- Мага жаккан сабактар – бул…
- Мага жакпаган сабактар – бул …

*Ата энелер үчүн сүйлөмдөр:*

- Менин балам окуган мектеп – бул…
- Менин балам окуп жаткан класс - бул…
- Менин баламдын классташтары – бул…
- Менин балам үчүн үй тапшырмасын аткаруу- бул…
- Менин балама жаккан сабактар – бул…
- Менин балама жакпаган сабактар - бул…

Б) Окуучунун үй-бүлөсүнүн традицияларын жана үрп-адаттарын, нравалык байлыктарын изилдөө үчүн да төмөнкүдөй бүтпөгөн сүйлөмдөрдү колдонсо болот.

*Окуучулар үчүн:*

- Мен сүйүнүчкө батам, качан …
- Мен капаланам, качан…
- Мен ыйлайм, качан …
- Мен кыжырланам, качан…
- Мага жагат, качан …
- Мага жакпайт, качан…
- Мен ишенбейм, качан…
- Эгерде менде жакшы жаңылыктар болсо, анда мен…

- Эгерде менде жаман жаңылыктар болсо, анда мен…
- Эгерде мен жасап жаткан нерсе ойдогудай болбосо, мен анда…

*Ата энелер үчүн:*

- Мен сүйүнүчкө батам, качан менин балам…
- Мен капаланам, качан менин балам …
- Мен ыйлайм, качан менин балам…
- Мен ачууланам, качан менин балам …
- Мага жагат, качан менин балам…
- Мага жакпайт, качан менеин балам…
- Мен ишенбейм, качан менин балам жөнүндө … айтышса
- Мен ишенем, качан менин балам жөнүндө … айтышса
- Эгерде менин баламда жакшы кабарлар болсо, анда …
- Эгерде менин баламда жаман кабарлар болсо, анда …
- Эгерде менин баламдын колунан бир нерсе келбесе, анда …

**Баяндама ой жүгүртүүлөр**

Мындай диагностика класс жетекчи менен ата-энелер баланын мектептеги турмушун жана үй-бүлөдө жакшы кылуу аракети менен бириккен учурда мүмкүн. Баяндама ой-жүгүртүүлөрдүн темалары ар кандай болушу мүмкүн. Эң башкысы - ата энелер менен балдар өзүлөрүнүн ой толгоолорунда ачык болушу керек.

Балдар менен ата-энелердин баяндамаларынын темалары төмөндөгүдөй болушу мүмкүн:

- «Чоң баланын (кыздын) ата энеси болуу – бул … »,
- «Менин үйүм – менин коргонучум?!»,
- «Менин келечектеги үй-бүлөм…Ал кандай болушу керек?»,
- «Эмне үчүн мен өзүмдүн ата-энемди жакшы көрөм»,
- «Биздин үйдүн кубанычтары»,
- «Бул адамдарсыз менин жашоом мүмкүн эмес»,
- «Менин үй-бүлөмдүн майрамдары жана күнүмдүк жашоосу»,
- «Менин ат-бабалардын тарыхы жана уламыштары»,
- «Менин үй-бүлөмдүн эң кайгылуу күнү»,
- «Балдарды тарбиялоо боюнча ата энелерге кеңештер»,
- «Үй-бүлөнүн турмушунун закондору» ж.б.

Мындай баяндама ой-жүгүртүүлөр ата-энелерди балдарына, турмушка болгон көз караштарына, өз үй-бүлөсүнө башка көз караш менен кароого багыттайт жана келечекте балдары кандай проблемалар менен кезиге тургандыгын элестетишет.

***Баланын өз алдынчалуулугун аныктоо***

Ата-энеге төмөнкү маселени берүү менен баласынын өз алдынчалуулугун аныктоо болот.

Баланын иш-аракеттеринин жыйындысы ата энеге берилет. Алар өз алдынча эки колонкага иш-аракеттерди бөлүштүрүшөт.

| Сиздин бала өз алдынча аткарат | Сиздин гана талап менен, сиздин жардам жана сиздин уруксатыңыз менен |
| --- | --- |
| … | … |

Иш аракеттердин жыйынтыгы:

- мектепке чогулат;

- мектепке жана майрамдар үчүн кийим кече таңдайт;
- сабактар боюнча тапшырмаларды аткарат;
- ким менен достошууну аныктайт;
- эгерде керек болсо, тамак аш даярдайт;
- өз каалоосу боюнча үй ичин жыйнайт;
- бир нерсе сатып алуу үчүн дүкөнгө барат;
- үйдө жардам берет;
- өз досторун үйгө чакырат;
- мектеп кечесинен же дискотекадан кайтуу убагын аныктайт;
- күнүмдүк турмушта кандайдыр чечим кабыл алат;
- сиз берген акча каражаттарын өз алдынча сарптайт;
- өзүн жана өз иш аракеттерин баалайт;
- башка адамдар менен карым катнаш түзүүдө терс сапаттарын көрсөтпөй өзүн кармай алат;
- өзүнөн кичине бир туугандарына жакшы мамиле кылат;
- кичине бир туугандарын тарбиялоого жардам берет.

Иш аракеттердин жыйынтыгынын тизмеги менен иштөөдө ата энелер өз үй-бүлөсүнө сырттан кароого жана өз тарбиялоо системасынын натыйжалуулугун баалоого жардам берет.

**«Үй-бүлөдөгү жазалоо» методикасы**

Тарбиялоодогу эң негизги проблема бул - баланы жазалоо, ал баланын инсан катары калыптануусунда өтө терең изин калтырат жана эки жүздүүлүккө алып келет. Бала чактагы жазалоо кийинки өздүк жашоодогу баарын өзү билүүгө алып келет.

Класс жетекчи сөзсүз түрдө  класстык коллективде жана ата энелердин үй-бүлөдө баланы жазалоого болгон мамилесин аныктоосу керек. Бирок ошол эле учурда бул теманын өтө кылдат иш экендигин эстен чыгарбоо зарыл. Ата энелер жана балдар класс жетекчиге ишенген учурда ана алар ачык болушат.

Ата энелерге төмөнкү таблицаны толтуруу сунушталат:

| **Жазалоонун түрлөрү** | **Сизди бала кезиңизде жазалашчу беле («+»же «-») белгиси менен белгилегиле** | **Сиз тарбиялоодо колдонгон жазалоонун түрлөрүн белгилегиле** | **Эң таасирдүү-сүн белгиле-гиле** |
|---|---|---|---|
| **1** | **2** | **3** | **4** |
| **1. Бөлмөнүн бурчуна тургузуу** | | | |
| **2. Көп убакытка чейин сүйлөшпөй калышчу** | | | |
| **3. Денеге урууну колдонуучу** | | | |
| **4. Эркиндикти чектешчү** | | | |
| **5. Жакшы көргөн нерседен чектетишчү** | | | |
| **6. Дайыма акыл - насаат окушчу** | | | |
| **7. Достор жана тааныштардын жанында уяткарышчу** | | | |
| **8. Кемсинтишип жана урушуп турушчу** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **9. Жакшы көргөн таттуу нерселерди бербей коюшчу** | | | |
| **10. Бир нерсе сатып беришпей калышчу** | | | |
| **11. Үйдөн кууп чыгарышчу** | | | |

Класстагы окуучуларга төмөнкүдөй суроолорду берсе болот:

- Сени тарбиялоодо ата-энең кандай жазаларды колдонушат?
- Алардын кайсынысын сен эң эле таасирдүү деп эсептейсиң?
- Алардын кайсынысын эң эле оор жана коркунучтуу деп эсептейсиң?
- Өзүңдүн кийинки үй-бүлөлүк турмушуңда сен жазалоону эч качан колдонбойсуңбу?

**Адабияттар:**


1. Бескоровайная Л.С. Настольная книга классного руководителя. -Ростов-на-Дону, 2002.
2. Дереклеева Н.И. Родительские собрания: 1-11 классы. - М., 2002.
3. Гаврилова Т.П. Учитель и семья школьника. -М., 1988.
4. Гершунский Б.С. Философия образования для XX 1 века.- М., 1998.
5. Рожков М.И. Классному руководителю. - М., 2001.
6. Соловейчик С. Педагогика для всех. - М., 1997.
7. Методика воспитательной работы. /Под ред. Л.И. Рувинского.- М., 1989.
8. Щуркова Н.Е. Вы стали классным руководителем. - М., 1986.